# ДИН ТААНУУ ЖАНА ТЕОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ

СГИИ

Ж.Баласагын атындагы

КУУ

# Дин таануу жана теология кафедрасы

Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
дин таануу жана теология кафедрасы
Кыргыз Республикасындагы дин таануучу
адистерин даярдап чыгаруудагы алдынкы
борбор, 531400 – дин таануу жана
531600 – теология багыттары
боюнча Кыргыз Республикасындагы Жогорку
кесиптик билим берүүнүн окуу-усулдук
бирикмесинин негизги
кафедрасы болуп эсептелет.

# Кафедранын кыскача тарыхы

1998 ж. постсоветтик мейкиндикте мамлекеттик диний саясаттын жана диний кырдаалдын өзгөргөндүгүнө байланыштуу, башка чет мамлекеттердеги (Россияда, Казакстанда, Өзбекстанда жана б.) дин таануу боюнча билим берүү тажрыйбасын эске алуу менен **Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде дин таануу кафедрасы ачылган.**

**2006 жылдан** тартып **дин таануу кафедрасы бүтүрүүчү кафедра** болуп эсептелет, дин таануу жаатында фундаменталдык жана тереңдетилген атайын даярдоону ишке ашырып келет.

531400-дин таануу багыты боюнча негизги билим берүү программасында **дин дисциплиналар аралык иретинде универсалдуу (коомдук, психологиялык, антропологиялык, тарыхый ж. б.) феномен катары окутулат.**

Биздин ЖОЖдогу билим берүү **светтик принциптерине** таянуу менен жүргүзүлөт.

# Дин таануу жана теология кафедрасы

## Кафедранын миссиясы:

Ж.Баласагын атындагы КУУнун миссиясын ишке ашырууга багытталган жана илимий изилдөө жаатында инновациялык кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасындагы дин таануу адистерин даярдап чыгаруу аркылуу заманбап коомдун илимий потенциалын сактап калуу жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүгө багышталган.

## Кафедранын максаты:

заманбап дин таануу жаатында терең билимдерге ээ болгон, ишти так илимий изилдөө усулдары аркылуу кесипкөйлүүлүк менен алып бара алган жогорку квалификациялуу адистерди фундаменталдык даярдоону камсыздоо, жоопкерчилик, мекенчилдик сезимин калыптандыруунун негизинде студенттин жогорку рухааний-нарктуулук сапаттарын калыптандыруу, жараандык жана жогорку маданияттуулук сапаттарына тарбиялоо.

# СТРАТЕГИЯЛЫК АРТЫКЧЫЛЫКТАГЫ МАКСАТТАР:

- **Адистик потенциалды өнүктүрүү.**
- **Окуу жана окуу-усулдук иши:** Дин таануу жана теология кафедрасы улуттук коопсуздук жаатындагы стратегиялык кафедра болуп саналат, ушул себептен, дин жаатындагы маселелер, толеранттуулук, диний радикалдуулук жана экстремизмди жайылтууну алдын алуу боюнча усулдук багыттамаларды иштеп чыгуу, университетте, ошондой эле университеттен тышкары иш чаралардын кайталанып туруучу жыйындыларын өткөрүү мерчемделет.
- **Илимий иши:** Scopus, Web of Science, РИНЦ илимий журналдарында жарыяланган илимий макалалардын көлөмүн көбөйтүү, 2026 жылга штаттагы окутуучулардын журналга жарыялануу активдүүлүгүн бир жылда эки макала деңгээлине чыгууга жетиштирүү.

  «Диндин тарыхы», «Диндин психологиясы», «Ислам таануу» профильдерин жана PhD-докторантура боюнча дин таануучу адистерин даярдоо үчүн КРнын Билим берүү жана илим министрлигинен лицензия алуу.
- **Тарбия иши:** Студент жаштарды мекенчилдик, рухааний-нарктык тарбияга багытталган идеологиялык, тарбиялык жана маалыматты айкындоочу иш жүргүзүү, мамлекетти жана коомду өнүктүрүү жана чыңдоо, диндер жана улуттар аралык сый мамиле куруу жаатарында алардын туруктуу, жараандык жана дүйнө таануучулук көз карашын калыптандыруу.

# КАФЕДРАДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАР:

**531400-дин тануу багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүү:**

- бакалавриат – күндүзгү бөлүм (4 жыл: бюджеттик, бюджеттик эмес)
- магистратура – күндүзгү бөлүм (2 жыл: бюджеттик, бюджеттик эмес)

**09.00.14 -дин философиясы жана дин таануу багыты боюнча жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү:**

- аспирантура - бюджеттик жана бюджеттик эмес (3 жыл, күндүзгү бөлүм; 4 жыл, сырттан окуу)
- докторантура – бюджеттик (5 жыл, күндүзгү бөлүм)

# “Дин таануу” багытынын бүтүрүүчүсү ким болуп иштей алат?

- мамлекеттик кызматкер, эксперт-консультант катары мамлекеттик органдарда (Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияда, Жогорку Кеңеште, Өкмөттө, Президенттин Аппаратында, областтык жана райондук администрацияларда, Ички иштер министрлигинде, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде, аналитикалык борборлордо, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик соттук экспертиза борборунда ж.б.);
- Кыргызстандын жалпы билим берүү мекемелеринин 7-8-9-класстарында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун Жарлыгы менен киргизилген «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин мугалими катары;
- мамлекеттик, мамлекеттик эмес жогорку, орто-кесиптик жалпы билим беруу мекемелеринде окутуучу катары;
- диндер аралык араздашуусу боюнча адис катары;
- коомдук жана улуттук көйгөйлөргө байланыштуу болгон коомдук уюмдарда адис катары;
- светтик жана диний уюмдардын ортосундагы алакалар боюнча адис;
- араб тилдуу уюмдарда жана дипломатиялык кызматта араб тилинен котормочу-консультант катары;

# “Дин таануу” багытынын бүтүрүүчүсү ким болуп иштей алат?

- тарых жана дин теориясы, заманбап цивилизациянын диний-философиялык көйгөйлөрү жаатындагы илимий-изилдөө ишинде **илимий кызматкер** катары;
- магистратурада, аспирантурада, PhD-докторантурада **билим алуусун улантууга,** келечекте жогорку окуу жайынын **окутуучусу**, **окумуштуусу** болуу үчүн илим менен алектенүүгө;
- массалык маалымат каражаттарында: дин жаатындагы чыгарылыштагы **журналист** катарында; телевидениеде жана (же) радиодо тематикалык программалардын **алып баруучусу** катарында, **пресс-кызматынын адиси** иретинде, коомчулук менен болгон байланыштагы **адис** катары, **блогер** катары;
- Кыргыз мусулмандарынын диний башкармалыгында жана башка диний уюмдарда **кызматкер** катары;
- реабилитациялык борбордо **консультант** катары (радикалдык диний секталардын мурда катарында болгон адамдарды коомго аралаштыруу жана аларга психологиялык көмөк көрсөтүү);
- **эл аралык проекттерди** ишке ашырууга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу (БУУ, ISESKO өнүктүрүү программасы, “Ачык коом” фонду ж.б.);
- маданият жаатындагы **кызматкер: искусство таануучу, музей экскурсоводу** катары.

# Профессордук-окутуучулук курамы



ОМУРОВА
ТОЛКУН
ОМУРОВНА
философия
илимдеринин кандидаты,
профессор

omurova_to@mail.ru
+996 707 399 437



ОСМОНОВА
ДИНАРА АСКАРБЕКОВНА
кафедра башчысы,
философия
илимдеринин доктору,
профессор

osmonova.dinara@
yandex.com
+996 550 330 054



КАНАЕВ
АЛМАСБЕК
БЕКТУРГАНОВИЧ
саясат таануу
илимдеринин доктору,
профессор

kanaevalik82@gmail.com
+996 509 276 650

# Профессордук-окутуучулук курамы



**ИМАНБЕКОВ УЛАН ТАЛАПКЕРОВИЧ**

саясат таануу илимдеринин кандидаты, доцент

ulan_imanbek@mail.ru

+996 706 747 480



**ШАРШЕНАЛИЕВ УЛАН АЛТЫМЫШОВИЧ**

философия илимдеринин кандидаты, доцент

ulan_shh@mail.ru

+996 708 604 177



**БЕКМАТОВ НУРБОЛОТ КУБАНЫЧБЕКОВИЧ**

ага окутуучу

nurbolot.bekmatov71@mail.ru

+996 505 144 445



**МОЛДОБАЕВА АЙМИРА ДАМИРОВНА**

окутуучу

moldobaeva.aimira@yandex.ru

+996 709 258 258



философия
илимдеринин кандидаты,
профессор
**ОМУРОВА**
**ТОЛКУН ОМУРОВНА**

**Кыргыз Республикасынын**
**билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери**
**Кыргыз Республикасынын**
**билим берүүсүнүн отличниги**

1998 жылы эгемендүү Кыргызстанда биринчи дин таануу кафедрасын негиздеген.
Дин таануу кафедрасын 25 жыл (1998-2023 жж.) бою жетектеген.
531400-дин таануу, 531600-теология адистиктери боюнча КРнын жогорку кесиптик билим берүү окуу-усулдук бирикмесинин жетекчиси.
«Илимий атеизм» адистиги боюнча СССРдин 50-жылдыгы атындагы КМУнун аспирантурасын бүтүргөн.
Илимий атеизмдин маселелери, заманбап дин таануу жана жогорку билим берүү боюнча 100дөн ашык илимий жана окуу-усулдук иштердин автору.
КРнын ББжИ министрлигинин, Жогорку Кенештин, КРнын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын, Бишкек шаарынын мэрлигинин, Ж. Баласагын атындагы КУУнун СГИИнун жана СГИФтин ардак грамоталары менен сыйланган, ардактуу наамдардын ээси: «Эмгектин ардагери» (СССРдин Жогорку Кенеши), «Ж. Баласагын атындагы КУУнун эмгек ардагери», «Ж. Баласагын атындагы КУУнун мыкты педагогу», «КУУнун ардактуу изилдөөчүсү», «КУУнун билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери», «КУУнун мыкты лектору».



философия
илимдеринин доктору,
профессор
ОСМОНОВА
ДИНАРА АСКАРБЕКОВНА

## Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги

Ж.Баласагын атындагы КУУнун дин таануу боюнча докторантурасын бүтүргөн. Кыргызстанда биринчи болуп, диссертациялык кеңеште жакынкы чет өлкөлөрдөн келген алдынкы окумуштуу-дин таануучулар катышкан 09.00.13-дин таануу, философиялык антропология, маданият философиясы шифри боюнча (бир жактам менен) доктордук диссертацияны жактаган.

Заманбап дин таануунун, социалдык философиянын жана жогорку билим берүүнүн маселелери боюнча 120 илимий жана окуу-усулдук иштердин автору, алардын ичинен 38 чет өлкөдө (Скопус, РИНЦ ж.б.), 4 окуу куралы КРнын ББжИнин грифинде чыккан.

531400-дин таануу, 531600-теология адистиктери боюнча КРнын жогорку кесиптик билим берүү окуу-усулдук бирикмесинин мүчөсү.

КРнын УИАнын жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун философия, искусство таануу жана маданият таануу боюнча диссертацияларды жактоо боюнча Д 09.22.657 Диссертациялык кеңештин мүчөсү.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин, СГИИнин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Дин таануу» багыты боюнча МАКтын мүчөсү (2011-2023 жж.)

КРнын ББжИ министрлигининин, КРнын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын, КРнын ББжИ кызматкерлеринин кесиптик бирикмесинин БКнин, Бишкек ш. мэрлигинин, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ардак грамоталары менен сыйланган, «КУУнун ардактуу изилдөөчүсү», «КУУнун билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери» ардактуу наамдарына ээ.



саясат таануу илимдеринин доктору, профессор

**КАНАЕВ АЛМАСБЕК БЕКТУРГАНОВИЧ**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук органдарынын отличниги

Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Саясий институттар, процесстер жана технологиялар» багыты боюнча докторантурасын бүтүргөн. Доктордук диссертациянын темасы «Кыргызстан коомундагы дүйнөлүк диндеринин модернизациялык процесстерин изилдөө усулу».

Азыркы учурдагы саясаттын көйгөйлөрү жана дин  таануу боюнча 49 илимий жана окуу-усулдук иштердин автору.

Кыргыз Республикасынын саясат таануучулар жана экономисттер ассоциациясынын мүчөсү.

Кыргыз Республикасынын укукчулар ассоциациясынын мүчөсү.

«Эрдик», «КРнын улуттук коопсуздук органдарынын эмгек сиңирген ардагери», «КР улуттук коопсуздук органдарынын эң мыкты кызматкери», төш белгилери, «Советтер Союзунун куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдыгы» 2 жана 3-даражадагы «Кужурмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн» медалдары, Бишкек шаарынын мэрлигинин жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун ардак грамоталары, Казакстан Республикасынын Шымкент университетинин ыраазычылык каты менен сыйланган.



саясат таануу
илимдеринин кандидаты,
доцент
**ИМАНБЕКОВ**
**УЛАН ТАЛАПКЕРОВИЧ**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Саясий институттар, проуесстер жана технологиялар» багыты боюнча докторантурасын бүтүргөн. Доктордук диссертациянын темасы «Улуттук коопсуздук - Кыргыз Республикасынын саясий менеджментинин шайманы» (шифр: 23.00.02-саясий институттар, процесстер жана технологиялар).
Азыркы учурдагы саясаттын көйгөйлөрү жана дин таануу боюнча 45тен ашык илимий жана окуу-усулдук иштердин автору.
Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Дин таануу» багыты боюнча Мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын мүчөсү (2018-2023 жж.).
Жогорку Кенештин, КРнын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын, Бишкек шаарынын мэрлигинин билим берүү департаментинин, Ж. Баласагын атындагы КУУнун, СГИФтин ардак грамоталары менен сыйланган, ардактуу наамдардын ээси: «Ж. Баласагын атындагы КУУнун мыкты жаш окутуучусу», «КУУнун ардактуу изилдөөчүсү», «КУУнун мыкты лектору».



философия
илимдеринин кандидаты,
доцент

**ШАРШЕНАЛИЕВ
УЛАН АЛТЫМЫШОВИЧ**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун 09.00.13.- дин таануу, философиялык антропология, маданият философиясы багыты боюнча аспирантурасын бүтүргөн. Кандидаттык диссертациянын темасы «Ислам жана мусулман уюмдары Кыргызстандын коомдук-саясий жашоосунда».

Заманбап дин таануунун, жогорку билим берүүнүн маселелери боюнча 15 илимий жана окуу-усулдук иштердин автору.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Дин таануу» багыты боюнча Мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын мүчөсү (2022-2023 жж.).

КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча амлекеттик комиссиянын, Ж. Баласагын атындагы КУУнун, аталган университеттин кызматкерлеринин кесиптик бирикмесинин ардак грамоталары менен сыйланган, «КУУнун ардактуу изилдөөчүсү» ардактуу наамынын ээси.



**ага окутуучу**
**БЕКМАТОВ НУРБОЛОТ КУБАНЫЧБЕКОВИЧ**

К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин бүтүрүүчүсү. Марокко падышачылыгында ислам таануу боюнча 8 айлык стажировка өтөгөн.

Ислам маселелери, араб лингвистикасы боюнча төрт илимий жана окуу-усулдук иштердин автору.

КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ардак грамоталары менен сыйланган, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректорунун, Ж. Баласагын атындагы КУУнун чет тилдер факультетинин ыраазычылыгынын ээси.



окутуучу

**МОЛДОБАЕВА АЙМИРА ДАМИРОВНА**

2021 жылдан тартып Ж. Баласагын атындагы КУУнун дин таануу жана теология кафедрасынын окутуучусу. «Дин таануу» адистиги боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин артыкчылык диплому менен аяктаган. «Коомдук философия» багыты боюнча Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын аспирантурасында билим алган. Кандидаттык диссертациясынын темасы: «Кыргызстандагы диний экстремизмдин коомдук-маданий өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ».

Диний экстремизм жана терроризмдин маселелери боюнча 3 илимий жана окуу-усулдук иштердин автору. Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректорунун ыраазычылыгынын ээси (2023 ж.).

# Кафедранын илимий-изилдөө темасынын багыттары «Дин жана азыркы тап»

Азыркы учурдагы Кыргызстандагы диний аялдын өзгөчөлүгү

Диний дүйнө тааным системасындагы гендердик мамилелер

Ислам учурдагы Кыргызстандын коомдук-саясий жашоосунда

Учурдагы Кыргызстандагы этноконфессионалдык мамилелер

Учурдагы Кыргызстандагы диний экстремизм жана терроризмдин коомдук-маданий өзгөчөлүктөрү

Кафедра 2020 жылы «Сирия-Ирак араздашуу аймагынан кайтып жатышкан репатрианттардын психикалык-коомдук аспектин изилдөө» темасындагы 800 миң сом суммадагы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий грантын утуп алган.

# Чет элдик жождор – атайын шериктештер:

- ✓аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, дин таануу жана маданият таануу кафедрасы
- ✓Абуали ибни Сино атындагы Тажик мамлекеттик медициналык университети, коомдук дисциплиналар кафедрасы

# *Коомдук шериктештер – жумуш берүүчүлөр:*

- ✓Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы
- ✓Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу соттук-эксперттик кызмат
- ✓Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, академик А.А. Алтымышбаев атындагы Философия институту
- ✓К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университет, философия жана табигий-илимий предметтери кафедрасы, Жалалабад шаары
- ✓Бишкек шаарынын Ислам таануу илимий-изилдөө институту
- ✓Окуу-илимий-өндүрүштүк комплекс «Кыргызстандын эл аралык университети» Коомдук антропология институту
- ✓Бишкек шаарынын француз тилин тереңдетип окутуучу №26 Гимназия-комплекси
- ✓Бишкек шаарынын №7 орто жалпы билим берүү мектеби

Профессор Осмонова Д.А. жетектөөсү менен дин таануу кафедрасынын студенттери «КРнын коомдук телерадиоберүү корпорациясы» (КТРК), КРнын Билим берүү жана илим министрлиги, КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, КРнын жаштарды коомдук тараптан өнүктүрүү институту жана «Sun house team» эл аралык компаниясы тараптарынан уюштурулган, КРнын 16 жогорку окуу жайы арасындагы «Эркин ой» аталышындагы аалам диндери жөнүндөгү республикалык илимий-интеллектуалдык телевикторинанын 75 миң сом суммасындагы акчалай сыйлыгын утуп биринчи орунду багындырышкан (февраль-май, 2019 ж.)





«Дин таануу» багытынын
3 курсунун студенти
**Шамиль кызы Улдана**
Бүткүл дүйнөлүк жаштардын
жана студенттердин
фестивалында
(Россия, Сочи ш.,
14-22 октябрь, 2017 ж.)



«Дин таануу» багытынын
магистратурасынын 1 курсунун
студенти **Шамиль кызы Улдана**
Түрк кеңешинин өлкөлөрүнүн
III- жаштар фестивалында
(Стамбул ш., Түркия,
4 декабрь, 2019ж.)





«Дин таануу» багытынын бүтүрүүчүсү (2023ж., бакалавриат), магистратурасынын 1 курсунун студенти **Осмоналиева Камила** Рим Папасы Франциск катышуусу менен болгон **Бүткүл дүйнөлүк католиктер жаштардын фестивалында** (1-6 август, 2023 ж., Португалия, Лиссабон ш.)

# Тегерек столдор

2018 жылдын 12 декабрда кафедра «Ч. Айматовдун чыгармаларындагы диний көз караштар» аттуу темада Ч. Айтматовдун 90-жылдыгына арналган тегерек стол өткөргөн.







# Мейман-лекциялар





2018 жылдын
22 ноябрында
КРнын Дин
иштери боюнча
мамлекеттик
комиссиясынын
мүдүрү
**Заирбек**
**Эргешов**
«Дин таануу»
багытынын
студенттерине
мейман-
лекциясын
окуп берген.





# Жолугушуулар





2020 жылдын 25 февралында кафедранын профессордук-окутуучулук курамы жана студенттери «Кылым шамы» коомдук укук коргоо фондунун жетекчиси Азиза Абдирасулова менен «Сирия-Ирак араздашуу аймагынан кайтып жатышкан репатрианттардын психикалык-коомдук аспектин изилдөө» темасындагы жолугушуу болуп өткөн.

2021 жылдын 12 ноябрында кафедра «Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал» темасында тегерек стол өткөргөн.










2022 ж. 20 майында Ж. Баласагын атындагы КУУда
профессор Омурова Толкун Омуровнанын
80 жылдык маарекесине багышталган эл аралык тариздеги
«КРдагы дин жана билим берүү» темасындагы
Республикалык илимий-практикалык конференция болуп өткөн.























2023 жылдын 1 ноябрында кафедра Илим күнүнө багышталган «Диний экстремизм жана терроризм-жаштардын келечегинин коркунучу» темасында студенттик тегерек стол өткөрдү.

**2023 жылдын 13 сентябрында кафедранын профессордук-окутуучулук курамы менен КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына караштуу Диний кырдаалды изилдөө борборунун кызматкерлери ортосунда жолугушуу болуп өттү, Меморандумга кол коюлду.**





# Дин таануу жана теология кафедрасына кош келиңиздер!







ДИН ТААНУУ ЖАНА ТЕОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ

СГИИ

Ж.Баласагын атындагы КУУ











# Дин таануу жана теология кафедрасы

**Кафедранын дареги:**

**Кыргыз Республикасы, 720033,**
**Бишкек ш., Манас көч., 101,**
**Ж.Баласагын атындагы КУУнун 5-окуу имараты,**
**216, 217 кабинеттер**

**Байланыштар:** **жумушчу тел.: +996 312 32 02 21**
**https://www.instagram.com/kafedra_religiovedeniya_knu/**
**www.facebook.com/groups/217061283307 2946/?ref=share**